# ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ

**УДК 297.17**

## ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТӨН КИЙИНКИ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ИСЛАМДЫН АБАЛЫ

***Алимова Клара Тойгонбаевна,*** И.Раззаков атындагы КМТУнун, Философия жана социалдык илимдер кафедрасынын доценти, т.и.к., Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов пр. 66, e-mail: alimova.kt@mail.ru

**Аннотация.** Макалада Кыргызстандагы эгемендүүлүктөн кийинки ислам дининин абалы иликтенди. Өлкөдөгү дин багытындагы эркин саясат, дин тутуу, диний уюмдар. Идеологиялык боштук шартында диний баалуулуктар. Ислам өлкөлөрүнөн келген дааватчылар республикада жаңы шартта динди өнүктүрүүгө, калктын кеңири катмарына жеткирүүдө иш аракеттери. Эгемендүүлүктөн кийинки жана совет бийлигинин учурундагы ислам динин абалы.

**Негизги сөздөр:** дин, ислам, муфтият, казыят, дин тутуу эркиндиги, фундаментализм.

## СОСТОЯНИЕ ИСЛАМА В КЫРГЫЗСТАНЕ ПОСЛЕ СУВЕРЕНИТЕТА

***Алимова Клара Тойгонбаевна,*** к.и.н., доцент кафедры Философии и социальных наук, КГТУ им. И.Раззакова, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова 66, e-mail: alimova.kt@mail.ru

**Аннотация.** В статье было исследовано состояние ислама после суверенности. Свободная религиозная политика в стране, религия, религиозные организации. Религиозные ценности в контексте идеологического вакуума. Миссионеры из исламских стран работают над развитием религии в стране в новых условиях и распространением ее среди населения. Состояние ислама после обретения независимости и в советское время.

**Ключевые слова:** религия, ислам, муфтият, казыят, свабодовероисповедание, фундаментализм**.**

## THE STATE OF ISLAM IN KYRGYZSTAN AFTER SOVEREIGNTY

***Alimova Klara Toygonbaevna,*** Candidate of Historical Sciences, Associate Professor of the Department of Philosophy and Social Sciences, KSTU named after I. Razzakov, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, Aitmatov Ave. 66, e-mail: alimova.kt@mail.ru

**Annotation.** The article examines the state of Islam in Kyrgyzstan after gaining independence. Free religious policy in the country, religion, religious organizations. Religious values in the context of an ideological vacuum. Missionaries from Islamic countries are working to develop religion in the country in new conditions and spread it among the population. The state of Islam after gaining independence and during the Soviet era.

**Key words:** religion, Islam, muftiate, kazyat, freedom of belief, fundamentalism.

Кыргызстан көз карандысыздыкты алгандан кийин советтик идеологиянын таасири жоголуп, жаңы руханий өнүгүүгө жол ачылган. Адам укугу, жарандардын эркиндиги боюнча биринчи иш чара катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1991-ж. 16-декабрындагы «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» [4] мыйзамынын негизинде мурда басмырланып келген ислам дини да өнүгүүгө ээ боло баштаган. Дин, адамзат маданиятынын бир бөлүгү, анын касиети – адам баласынын рухий турмушун

жакшырта турган бириктирүүчү күч болууга тийиш. Дин адам баласын боорукерликке, илим-билим алууга үндөп, кайрымдуулукка, мээримдүүлүккө жетелесе, анда ал эч кимге жолтоо кылбасы белгилүү.

1993-ж. Кыргыз Республикасынын мусулман казыяты түзүлүп, 5 айдан кийин анын ордуна жогорку денгээлдеги Диний Башкаруу – Муфтият кызматы негизделген. Алгач бул жогорку диний уюм Орто Азия Мусулмандар Диний Башкаруусуна (САДУМ – Среднеазиатское Духовное Управление Мусульман 1943-ж. түзүлгөн) баш ийген. Өлкөнүн тарыхында биринчи муфтий шайланган, Кыргызстанда диний башкаруу системасы өнүгүп, областтык жана эки шаардык (Бишкек жана Ош) казияттар ачылган. 1997-ж. расмий түрдө Кыргызстанда Borобордук Диний Башкаруунун 3 бөлүмү катталса, 2001-ж. – 6, 2003-ж. алардын саны 11ге жеткен [7]. Басмыранып, куугунтукталып жүргөн мечиттер кыска мөөнөттүн ичинде, эми диний агартуунун жана тазалануунун борборуна айланып, коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурган. Кыргызстандын мусулмандары расмий түрдө орозо айт, курман айт майрамдарын мамлекеттик деңгээлде майрамдай башташкан. Диний маарекелерди өткөрүүдө өлкө башчылары да катышышкан. Ислам дини ар бир мусулман пенденин күндөлүк турмушунда орчундуу орунду ээлеп, айт майрамдарына арналган намаздар Бишкек шаарындагы Ала-Тоо аянтында окула баштаган.

Окумуштуулардын изилдөөсү боюнча 1997-ж. республикадагы айыл жана шаар калкынын 57,3%ы “Орозо” жана “Курман” айт майрамдарын белгилешкен, ал эми алардын 14,4%ы диний жөрөлгөлөрдү аткарышпаган, өлкө боюнча мечитке баргандардын саны 29 миң кишиге жеткен болсо [3], бүгүнкү күндө алардын саны он эсеге өскөн .

Диний эркиндиктин натыйжасында Кыргызстандыктардын чет өлкөлөрдөгү жогорку диний окуу жайларда окуу мүмкүнчүлүктөрү пайда болгон. Ошол эле мезгилде республиканын өзүндө жогорку жана орто диний окуу жайлар ачылган. Эгерде өлкөдө 1991-ж. бир дагы диний окуу жайы жок болсо, 1998-жылга карата - 3, 2001-ж. - 7 жогорку ислам окуу жайлары катталган. 1998-ж. - 4, 2001-ж. - 20, 2003-жылдын биринчи жарымында: Баткен жана Чүй - 11; Жалал-Абад жана Таласта - экиден; Ысык-Көл жана Нарында бирден; Ош областында 13 медресе, бардыгы болуп 2015-жылга карата мечиттерде балдарга Куранды үйрөтүүчү «хужиралар» ачылган жана алардын саны 41 ге жеткен [8]. 1993-ж. Ош мамлекеттик университетинде ислам таануу (теология) факультети, Түркиялык «Дианет Вакфы» фондунун каржылоосунун негизинде Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде жана Кыргыз-Россия Славян университетинде дин таануу факультеттери ачылган [5].

Диний билим алууга умтулгандардын арасында үчтөн бирине жакыны кыз балдар болушкан. Жалпы жонунан ислам жогорку окуу жайларында жана медреселерде окуган жаштардын саны 1000 ден ашкан. Бул учурда ислам багытындагы уюмдардын ишмердүүлүктөрү да жандана баштаган. Мисалы, республикада 1997-ж. - 1, 2001-ж. - 3 уюм катталса, Эл аралык Ислам коомдук уюмунун «Куткаруу» бөлүмү 2003-жылга чейин каттоодон өтпөй эле ишмердүүлүгүн жүргүзгөн [7]. Кыргызстанда чет өлкөлөрдөн ислам окуу жайларын бүтүрүп келген адистер эл арасында, ислам динин жайылтууда чоң роль ойногон. Жакынкы Чыгыш өлкөлөрдөгү «Харакат-уль-Ансар», «Жамиат-уль-Улама-и-Ислами», «Таблиг-и-Жамаат» сыяктуу диний окуу жайларда билим алууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн [8]. Кыргызстандагы ислам окуу жайларында окутуу бүгүнкү күндө акырындык менен бир нукка салына баштады. Ислам институттары менен медреселердин окутуу программаларында орчундуу айырмалар бар. Диний билим берүүдө бирдиктүү талап, [үлгү] жок, диний окуу жайларын бүткөндөр көп учурда Куранды окушуп, сүрөөлөрдү жаттап, диний мүнөздө гана билим алышууда, ошондуктан алардын атайын бир кесипке ээ болушпагандыгы бир топ социалдык маселелерди жаратууда. Ислам окуу жайларында билим алышкан жаштар руханий мүнөздөгү билимге гана ээ болушуп, жарандык кесипти өздөштүрүү маселеси чечилбей калгандыктан, окутуу процессинде эки жактуу билим берүү маселеси негизги орунда турат.

Кыргызстандагы диний агартуучулук маселесине көңүл бурсак, Э. Турсунов академик

И.Ю. Крачковскийдин 1963-ж. орус тилинде жарык көргөн эмгегинен Куранды биринчи жолу кыргыз тилине которгон [2]. Мезгилдүү басмада кыргыз тилинде «Ыйман», «Ислам маданияты», «Ислам нуру», 2005-ж. май айынан баштап, «Көк нуру» аттуу гезиттер чыга баштаган. Жалал-Абад областынын казыяты тарабынан кыргыз жана өзбек тилинде “Мусулман”, Ош областында өзбек тилинде “Иймон юлдузи”, 1500 нускада кыргыз тилинде “Шариат” гезиттери чыга баштаган [5].

Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Кыргызстандын мусулмандары Меккеге ажылыкка барууга мүмкүнчүлүк алышкан. 1990-ж. Мекеге - 40, 1991-ж. – 350, 2013-ж. 1,5 миң киши ажылыкка барышса, бүгүнкү күндө Кыргызстан мусулмандарына берилген квота 4,5 миң кишиге жеткен [7].

Калкынын 80%ы ислам динин тутунган Кыргызстанга чет өлкөлөрдөн: Сауд Аравиясы, Пакистан, Түркия, Иордания, Тажикистан, Индия, Египет, Кувейт, Индонезия, Малайзия, Марокко, Алжир, Азербайжан, Өзбекстан сыяктуу мамлекеттерден дааватчылар келе башташкан. 1997-ж. - 96, 2001-ж. - 191, 2003-жылдын биринчи жарымында - 232 дааватчы республикага келген болсо, алардын саны бүгүнкү күндө алда канча көп [2]. Ошол мезгилде республикада жашыруун түрдө Пакистандан келген «Жамиат-уль-Ислами», «Жамиат уль-Улема», Ооганстандан «Талибан», «Жамиат уль-Гуляба» жана кайсы өлкөдөн келгендери дайынсыз «Даават уль-Иршат», «Сунни-Тахриб», «Хара-Катур-Ансар» сыяктуу диний уюмдар иштеп келишкен [7]. Алардын дааваты Кыргызстан мусулмандарынын окууларына, калыптанып калган каада-салттарына карама-каршы болгондуктан өлкөдөн чыгарылган. Анткени, өзгөчө Пакистандан билим алып келген жаш диний ишмерлер өздөрүнүн кийген кийими, көз караштары менен айырмаланып турушкан. Жер-жерлерде дааватчылардын ишине көзөмөл кылуу өтө чоң кыйынчылыктарды алып келген. Мусулман өлкөлөрүнөн келген дааватчылар бардык күчүн ислам динин жаңыдан жайылтууга аракет кылышкан. Ислам дааватчыларынын жана уюмдарынын ар түрдүү багыттагы ишмердүүлүктөрү өлкөдөгү саясий, экономикалык, социалдык жана диний абалды эске албаганы коомчулуктун тынчын алган. Ислам динин жайылтуунун натыйжасында республикада диний кырдаал өзгөрө баштаган. Ислам дини менен катар экстремисттик, фундаменталисттик (салафизм) идеялар таралып, саясий ислам жана динди саясатка аралаштыруу аракеттери жүрө баштаган. Мындай кырдаал массалык маалымат каражаттарында такай чагылдырылып, терс мүнөздөгү ой пикирлерди жараткан.

Кыргызстанда исламдын жаңы диний агымдары, өздөрүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзө башташкан. Алардын катарында бахаилик, ахмадийя (кадиянилик), исмаилчылык, ваххабизм, «Хизб ут-Тахрир» “Таблиги Жамаат” болгон [7]. Бул агымдар бири-бири менен атаандашып, өздөрүнүн талапкерлерин көбөйтүү үчүн көп күч жумшашкан, “Таблиги Жамаат” диний агымынан башкасынын ишмердүүлүгүнө өлкөдө тыюу салынган [2].

Борбордук Азия мамлекеттеринде ислам өлкөлөрүнүн геосаясий максаттары бар экендиги көпчүлүккө маалым. Аталган аймак ислам динин таркатуунун мейкиндиги катарында каралып, динди саясий максатта пайдалануу коркунучтары пайда боло баштаган. Диний багыттагы уюмдар, фонддор, миссиялар Кыргызстанда ислам динин кеңири жайылтуу үчүн бир топ чараларды жүргүзүшкөн.

Ислам дининин кеңири тарашы, албетте, коомдун социалдык турмушунда оң көрүнүштөрдү пайда кылды, бирок башка багытта кооптонууну жаратууда. Мында өзгөчө, ислам фанатизминен сак болуу зарыл. Мисалы, ислам фундаментализми (ас-салафийа анын жактоочулары салафиттер) - диндин тазалыгын сактап калууга аракет жасашкан багыт экендигин А.Сагадеев ачык айкын далилдеген [6]. Ч.Айтматовдун айтуусунда: “Мусулман фундаментализми бүгүн саясий көрүнүш. Ал мусулманчылыктагы эң маанилүү болуп саналган агым сопучулукту (суфизмди) танып, жокко чыгарып, жалпы маданиятты өзгөчөлөнтүүчү ролду ойнойт” [1,9].

Өлкөдөгү дин багытындагы эркин саясаттан улам бардык диндердин ишмердүүлүгүнө, дин тутуу жана диний уюмдарды түзүүдө кеңири мүмкүнчүлүк берилген. Идеологиялык боштук шартында диний баалуулуктар даңазалана баштаган. Ислам өлкөлөрүнөн келген

даaватчылар республикада жаңы шартта динди өнүктүрүүгө, калктын кеңири катмарына жеткирүүдө иш аракеттерди жасашууда.

Жыйынтыктап айтканда, иликтөөбүздө эгемендүүлүктөн кийинки ислам динин абалы совет бийлигинин учурундагыдан алда канча жакшырганын, ал тургай ал өнүгүү баскычына карай кадам жасаганын көрдүк. Ошол эле мезгилде ар кандай көйгөйлүү маселелер жаралууда, ал багытында кийинки иликтөөлөрүбүздө кеңири сөз кылмакчыбыз.

**Адабияттар**


1. Айтматов Ч.Т. Мы должны знать, как нам жить вместе // Государственность и религия в духовном наследии Кыргызстана. Труды Института мировой культуры. КРСУ. Бишкек-Лейпциг, 2003.– Вып.III. 127-129-б.
2. Алимова К.Т. “Эгемендүү Кыргызстандагы ислам: абалы жана көйгөйлөрү (1991-2014-жж.)” тарых илим. канд. ... дис.: 07.00.02 – Бишкек, 2017. – 180 б.
3. Асанканов А.А. Кыргызы: рост национального самосознания. – Б., 1997. 20-б.
4. Закон Кыргызской Республики «О свободе вероисповедания и религиозных организациях»: 16 декабря 1991 г. №657-XII // Слово Кыргызстана. – 1992. – 1.февр.
5. Курбанова Н.У. Проявление политического ислама в постсоветских центральноазиатских государствах на рубеже XX – XXI вв. Б., 2008. 107-б.
6. Сагадеев А. Исламский фундаментализм: что же это такое? // “Азия и Африка сегодня” №6
7. Текущий архив Гос.комиссии по делам религий КР
8. Текущий архив Муфтията КР
9. Алимова К.Т. Культы кыргызского народа/ К.Т. Алимова// Известия Кыргызского государственного технического университета им. И.Раззакова. №1 (49). 2019. С. 14-18